КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ ТАЛАССКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com
Shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин VIII чакырылыштагы кезектеги XXXI сессиясынын №223/31-8 ТОКТОМУ

26-декабрь, 2023-жыл — Талас шаары

**“Таза Суу” муниципалдык ишканасына өнүктүрүү фондунан 4 850 000 сом жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен 4 450 000 сом жалпы 9 300 000 сомго сатылып алынган “HYUNDAI R60W-9S” үлгүсүндөгү экскаваторду муниципалдык реестрге киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын 9-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Талас шаарынын мэриясынын 26.12.2023-жылдагы №01-19/2887 чыгыш сандуу катынын негизинде, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча” туруктуу комиссиясынын протоколдук сунушун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. “Таза Суу” муниципалдык ишканасына өнүктүрүү фондунан 4 850 000 сом жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен 4 450 000 сом жалпы 9 300 000 сомго сатылып алынган “HYUNDAI R60W-9S” үлгүсүндөгү экскаватору муниципалдык реестрге киргизилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө жагы Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (А.Сариева) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (У.Атагелдиев) тапшырылсын.

Төрага — К.Джаныбеков